**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ**
**МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО**
**ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 1544/1 2022 жылдын «11» августу

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында 2022-2023-окуу жылында окуу китептерин ижарага берүү акысын жана окуу китептеринин тизмесин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 24-июнундагы № 341 «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин «Жаңы китеп» мекемесин түзүү жөнүндө» токтомун аткаруу жана Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарын окуу китептери жана окуу куралдары менен камсыздоону жакшыртуу максатында **буйрук кылам:**

1. 2022-2023-окуу жылына ижарага берилүүчү окуу китептеринин тизмеси бекитилсин (1, 2, 3, 4-тиркемелер).

2. 2022-2023-окуу жылына төмөнкүлөр белгиленсин:

- окуу китептерин ижарага берүү акысы 25 сом өлчөмүндө;
- окуу китептеринин ижара акысын төлөө мөөнөтү 2022-жылдын 30-ноябрына чейин.

3. Райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн/башкармалыктарынын башчыларына жана жалпы билим берүү уюмдарынын директорлоруна Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрилигинин 2018-жылдын 2-августундагы №1003/1 буйругу менен бекитилген "Окуу китептерин ижарага берүү боюнча колдонмонун" негизинде:

- 2022-2023-окуу жылынын башынан тартып окуу китептерин ижарага берүүнү ийгиликтүү ишке ашыруу боюнча бардык даярдык иш-чараларын өткөрүшсүн;
- окуучулардын ата-энелеринин жана мыйзамдуу өкүлдөрүнүн арасында маалымат берүү жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүшсүн.

4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министринин орун басары У.Э. Мамбетакуновго жүктөлсүн.

**Об утверждении стоимости аренды и перечня учебников, выдаваемых в аренду на 2022-2023 учебный год в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики**